На современном этапе развития школы, когда приоритетной целью обучения является развитие школьника, оценка представляет собой меру влияния, изменения, обучения и развития. И только при условии, что все учителя будут придерживаться единых принципов при проведении оценивания, возможно добиться положительного результата.

Таким образом, выставление оценок требует не только знаний, но и мастерства. Оценка для подрастающего человека – важное событие в жизни. Ею регулируется его отношение к себе, она служит средством укрепления престижа в классе. Поэтому учитель будет особенно внимательным в вопросах оценивания элементов содержания учебно-воспитательного процесса. В 1 классе вообще не надо прибегать к оценке, в следующих – стоит больше склоняться к конкурсам, соревнованиям, играм: там дети сами поймут свое место среди других, сами выставят себе оценки.

**Список использованной литературы:**


1. Аманалиев, Д.А. Пути развития и перестройки школьного образования в Киргизстане / Д.А.Аманалиев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1990. – 236 с.
2. Давыдов, В.В. Теория развивающего обучения / В.В.Давыдов. – М.: ИНТОР, 1996.
3. Оценивание учебных достижений учащихся. Методическое руководство / сост. Р. Х. Шакиров, А.А. Буркитова, О.И. Дудкина. – Б.: «Билим», 2012. – 80 с
4. Хамзина, С., Буркитова А., Мыкыева М. Оценивание в начальной школе. Приложение к обучающему модулю. – Б.: KIRland, 2014. – 152 с


**Рецензент: к.п.н., доцент Бектуров Т.М**


УДК:37.02



**Узакова Н.К.**
**Атакбек кызы А.**
**Кыдыралиева Л.**
**Таштанбекова Ж.**
магистрант КГУ им. И.Арабаева


## БАШТАЛГЫЧ КЛАССТА КӨРСӨТМӨ КУРАЛДАРДЫ КОЛДОНУУНУН МААНИСИ

## ОСНОВНАЯ ВАЖНОСТЬ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ НАГЛЯДНЫХ ПОСОБИЙ В НАЧАЛЬНОМ КЛАССЕ

## THE MAIN IMPORTANCE OF USING VISUAL AIDS IN PRIMARY SCHOOL


**Аннотация:** макалада мектептеги билим берүүнүн сапатын жакшыртууда көрсөтмө куралдарды колдонуунун мааниси жөнүндө сөз болот.

**Аннотация**: Для улучшения качества школьного образования статьи будет говорить о важности использования визуальных средств.

**Annotation:** to improve the quality of school education articles will talk about the importance of using visual aids

**Түйүндүү сөздөр**: окутуу процесси, сабак, окутуу процессинин эффективдүүлүгү, көрсөтмөлүүлүк принцип, көрсөтмөлүүлүктүн түрлөрү, көрсөтмөлүү сабакка болгон негиги талаптар.

**Ключевые слова:** Эффективность, процесса обучения, преподавания и обучения, принцип легче показать типы требований к демонстрационному уроку.

**Keywords:** Efficiency, the learning process, teaching and learning, the principle is easier to show the types of requirements for the demonstration lesson.

Дидактикада окутуунун төмөнкү принциптери иштелип чыкты: Билим берүү, тарбиялоо жана өнүктүрүп өстүрүү маселелерин комплекстүү ишке ашырып окутуу принциби. Окутуу менен тарбиялоонун биримдүүлүк законуна ылайык тарбия дайыма окутууда камтылган болот, башкача айтканда, окутуу процессинде окуучулар билим алуу менен катар керектүү адамдык сапаттарга тарбияланышат. Окуу процессинде ар дайым окуучунун белгилүү тартиптеги инсандагы: анын турмушка жана билимге болгон мамилеси, анын ар кандай акыл жөндөмдүүлүгү, нравалык сезими жана эрки кошо калыптанат, башкача айтканда окутуу болгон жерде тарбия кошо болот, бирок ал тарбиянын жакшы же жаман болушу башка кеп. Тарбиялык таасир окутуунун ажырагыс жандоочусу болуп эсептелет. Албетте, мындан окутуу окуучуларга дайыма бирдей тарбиялык таасир берет жана бул иште мугалимдин атайын жасаган аракеттери, анын устаттыгы анча мааниге ээ эмес деген корутунду жасоого болбойт. Тескерисинче, тарбиялоочунун окутуу мүнөзү, анын идеялык багыты жана окуучуларга тийгизе турган таасиринин күчү төрт фактор (окутулуучу билимдердин мазмуну, окутуу методдору, сабакты уюштуруу формалары жана мугалимдин инсандын таасири) менен аныкталат. Окутуунун натыйжасында окуучулар билим алышат, билгичтикке үйрөнүшөт, аларда илимий көз караштын негиздери калыптанат жана алардын таанып билүү жөндөмү өсүп - өнүгөт. Мунун бардыгы окуучуларда коомдук жүрүш - туруштун нормаларынын жана нравалык идеалдардын калыптанышынын негизин түзөт. Демек, окуу процессинин өзүндө окуучуну коомдук социалдык нормаларга тарбиялоо ишке ашырылат.

Окутуу процессинде окуучуларга азыркы илимге ылайык такталган, окуучуларды эки анжы ойго келтирбей турган гана маалыматтар берилет. Ошондуктан окутуу методдору өздөрүнүн мүнөзү боюнча тиешелүү илимдерде колдонулуучу методдорго жакын ылайыкташтырылып түзүлүүгө тийиш. Натыйжада окуучулар үйрөнүлүүчү кубулуштарды, предметтерди жана фактарды илимий - диалектикалык көз караашта талдап көрүүгө көнүгүшөт, аларда акырындык менен диалектикалык ойлонуунун элементтери калыптанат. Бул принциптин теориялык негизи таанып - билүүнүн диалектикалык теориясы болуп эсептелет, ал теорияга ылайык дүйнөнү таанып - билүүгө болот жана адамдардын практикада текшерилген билимдери дүйнөнүн туура жана объективдүү сүрөтүн берет. Бирок, окуучулардын таанып-билүүлөрүнүн өсүшү илим билимдердин өсүү темпиндей эмес, андан бир кыйла жай темпте өсөт. Бул принциптин негизги талаптары төмөнкүлөр[3]:

Окуу предметинин логикасын ачып көрсөтүү;

Үйрөнүлүүчү материалдын башка объекттери менен көп кырдуу байланыштарын түзүү, башкача айтканда, ар бир жаңы окуяны жана предметти бардык жагынан карап үйрөнүү (мунун өзү окуучуларда диалектикалык ойлонуунун элементтерин калыптандырат);

Илимде кабыл алынган терминдер менен туюнтулуучу туура түшүнүктөрдүн пайда болушу үчүн шарттарды түзүү;

Үйрөнүлүүчү билимдердин ачылышынын тарыхый жолун, түшүнүктөрдүн жана закондордун пайда болуу процессинин ички байланыштарын ачып көрсөтүү;

Окутуу методдорунда илимий таанып билүүнүн методдорун чагылтуу.

Окутуунун жеткиликтүү принциби. Бул принципти окутууну жеңилдетүү деп кароого болбойт, окутуунун илимийлүүлүгү менен ажырагыс кылып бирге алып караганда гана окутуунун жеткиликтүүлүк принциби жаңы мазмунга ээ болот, анткени, окутуунун илимий материалды жөнөкөйлөтүүгө жеткиликтүүлүктүн буга чейинки кабылданып жүргөн маанисине карама - каршы турат. Илим өзү – бул чындык дүйнөнүн белгилүү областын жана анын өсүп - өнүгүү закон ченемдүүлүктөрүн чагылдыруучу закондордун, теориялардын, илимий түшүнүктөрдүн, фактталдын системасы болуп эсептелет. Ошондуктан, илимге ээ болуу үчүн аны белгилүү системада үйрөнүүгө туура келет. Илим практикалык керектөөлөрдүн таасири астында келип чыгат да, турмуш менен, өндүрүш менен ажырагыс байланышта болот. Демек, илимге ээ болуу үчүн анын мазмунун окуп үйрөнүү менен гана чектелбестен, аны турмушта колдоно билүүгө көнүгүү зарыл. Илимдердин негиздерин сезимдүү жана бекем өздөштүрүү:

Биринчиден, окуучуларга билимдер белгилүү системада (ар бир кийинки илимий түшүнүк, өзүнөн мурунку түшүнүктөн келип чыгып, анын андан аркы табигый уландысы болгудай тизмектештикте) берилгенде гана, экинчиден, өздөштүрүлүүчү билимдер окуучулар тарабынан практикада, айлана - чөйрөдөгү кубулуштарды жана процесстерди түшүндүрүүдө колдонулганда гана камсыз боло алат. Башкача айтканда, билимдердин системасы алардын колдонулушунун эң негизги шарты, ал эми теориянын турмуш жана практика менен байланыштуулугу болсо, билимдердин системасын терең өздөштүрүп билүүнүн эң негизги фактору болуп эсептелет. Булардын бирөө экинчисиз анча натыйжа бербейт. Окутуу процессинде теория менен практиканын байланышы дайыма эле бир орунда эмес, кээде жаңы материалды түшүндүрүүнү аяктоодо ишке ашырылат. Окутууда теорияны практика менен байланыштыруунун формалары да ар түрдүү[2]:

Үйрөнүлүүчү материалдын окуучулардын өздөрүнүн турмуштук тажрыйбасы менен байланышы;

Коомдук курулуштун практикасы менен, турмуш менен болгон байланыштык;

Илимдин өнүгүшүнүн коомдук керектөөлөргө көз карандылыгын ачып көрсөтүүчү тарыхый экскурстар;

Өндүрүштүк мазмундагы маселелерди чыгаруу, лабораториялык жумуштар;

Эмгек окуусу, окуучулардын өндүрүмдүү эмгеги жана алардын коомдук пайдалуу иштери.

Окутуунун активдүүлүк жана сезимталдуулук принциби. Окуучулардын активдүүлүгү жана сезимталдуулугу, алардын өз алдынчалыгы мугалимдин жетекчилик ролу астында дегенге карама каршы келбейби? деген суроо туулушу ыктымал. Чындыгында окуучулардын сезимталдуулук жана активдүүлүк принциби мугалимдин жетекчилик кылуу ролу принциби менен терең ички байланышта; мугалимдин жетекчилиги окуучуларды ар бир түшүнүк, ар бир жалпылоо, ар бир билгичтик жана көндүм окуучулар тарабынан айланадагы предметтерди жана кубулуштарды андан ары таанып-билүүнүн инструменти катарында пайдалангыдай даражага жеткирүүгө тийиш. Окуучулардын сезимталдуулугу:

Окуунун максаттарын жана милдеттерин ойлонуп баамдоо;

Материалды терең түшүнө билүү;

Аны практикада сезимдүү пайдалана билүүдө көрүнөт. Окуучулардын активдүүлүгү: материалдын мазмунуна, окутуунун методдоруна, ошондой эле окуучунун активдүүлүгү эмнеге багытталганына көз каранды болот.

Көрсөтмөлүүлүк принцип педагогикалык адабияттарда көп учурда бир жактуу окутуунун алгачкы каражаты катары каралып келген. Чындыгында окутууда "көрсөтмөлүүлүктөн жалпылыкка карай" деген тенденция башталгыч класстардын окуучуларына мүнөздүү. Ал эмес башталгыч класстарда да балдарга алардын өздөрүнө белгилүү буюмдарды жалпылаштырууну сунуш кылып, материалды дедуктивдик жол менен окууну ийгиликтүү колдонууга болот. Башталгыч класстын окуу программасынын өзгөртүлүшү да абстракттуулуктун элементтерин күчөтүүнү талап кылып олтурат. Көрсөтмө принцибинин маанисин төмөндөгүчө түшүнүп кабыл алууга туура келет[1]:

Көрсөтмөлүүлүк окутуунун алгачкы таяныч пункту болуп, негизинен башталгыч класстарда пайдаланылат;

Окуучулар улам жогорку класстарга өткөн сайын окутуунун алгачкы баштапкы пункту катарында тигил же бул проблеманын өз учурунда кандайча келип чыккандыгы, андан кийин анын чыгарылышынын тарыхы, эң акыры анын азыркы абалы баяндалат. Ошентип, мында көрсөтмөлүүлүк эки жолу (жаңы ачылышты, анын тарыхта кандайча келип чыккандыгын иллюстрациялап көрсөтүү катарында жана проблеманын азыркы чечилиш жолун ачып көрсөтүү катарында) катышат;

Проблеманы тарыхый көзкарашта алып үйрөнүү дайым эле ылайыктуу эмес, мында убакыт көп талап кылынат. Окутуунун башталгыч пункту катарында мурда окулуп өздөштүрүлгөн же мугалим тарабынан баяндалып айтылган теориялык материалдын практикалык колдонулушун иллюстрациялап көрсөтүү үчүн пайдаланылат.

Ал эми көрсөтмөлүүлүктүн түрлөрү төмөнкүлөр:

Предметтик көрсөтмөлүүлүк (макеттер, моделдер, сүрөттөр жана башкалар);

Сөз менен элестетүү көрсөтмөлүүлүгү (тилдин жардамы менен тигил же бул ачык образдарды баяндап келтирүү);

Шарттуу сүрөттөмөлөөчү көрсөтмөлүүлүк (схемалар, чиймелер жана башкалар);

Динамикалык көрсөтмөлүүлүк (башкача айтканда, угуу жана көрүү органдарына таасир этүүчү каражаттар, кино, телевидение жана башкалар). Демек, көрсөтмөлүүлүк конкреттүү жана абстракттуу болушу мүмкүн.

Көрсөтмөлүүлүккө негизинен төмөндөгүдөй талаптар коюлат:

Окуу процессин көрсөтмө куралдар менен ашыкча жүктөнтүүгө болбойт;

Көрсөтмө куралдарды колдонуунун максаты жана орду ачык - айкын аныкталууга тийиш;

Көрсөтмө куралдарда ашыкча эч нерсе болбоого тийиш;

Көрсөтмө куралдар окуучулардын жаш өзгөлүктөрүнө карата тандалып алынуусу зарыл.

Ошентип окуучулардын билимин эң жөнөкөй каражаттар менен текшерүүнүн жогоруда сүрөттөлүп көрсөтүлгөн ыкмаларынын бирөөн да универсалдуу ыкма катарында такай дайыма пайдаланууга болбойт. Алар окуучулардын билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн текшерүүнүн традициялык формаларын жана методдорун алмаштыра албайт. Демек, традициялык методдорду жогоруда баяндалып көрсөтүлгөн ыкмалар менен комплекстүү айкалыштыкта пайдалануу зарыл.

Ошону менен бирге эле ар бир сабакта колдонулган көрсөтмө куралдын кайсы гана түрү болбосун, биринчиден, окуучунун жаш өзгөчөлүгүнө, экинчиден, өтүлө турган

материалга, үчүнчүдөн эстетикалык табитке туура келгидей болушу зарыл нерсе деп ойлойм.

### Колдонулган адабияттар:


1. Ибраева Н.И. 1 класстын окуучуларын математика сабагында өз алдынча иштөөгө үйрөтүү. /«Көрсөтмө куралдар, техникалык каражаттар» китебинде. - Фрунзе, Мектеп, 1980. - 30-63-б.
2. Средства обучения математике в начальных классах. / сост. М.И. Моро, А.М. Пышкало. -М.: Просвещение, 1981. - 144с.
3. Ыманбеков П. Башталгыч класстарда математиканы окутууда көрсөтмө каражаттарды комплекстүү пайдалануу. - Фрунзе, Мектеп, 1983. - 112с.
4. Фридман Л.М. Наглядность и моделирование в обучении.- М.: Знание, 1984. №6.- 80 с.



УДК: 372.851



**Узакова Н.К.**
**Атакбек кызы А.**
**Таштанбекова Ж.**
**Кыдыралиева Л.**
магистранты КГУ им. И.Арабаева


## БИЛИМ БЕРҮҮНҮ ИЙГИЛИКТҮҮ УЛАНТУУГА МАТЕМАТИКАЛЫК ТҮШҮНҮКТӨРДҮ БЕРҮҮНҮН ЫКМАЛАРЫ

## МЕТОДЫ ПРЕПОДАВАНИЯ МАТЕМАТИКИ ДЛЯ УСПЕШНОГО ПРОДОЛЖЕНИЯ ОБУЧЕНИЯ

## METHODS OF TEACHING MATHEMATICS FOR THE SUCCESSFUL CONTINUATION OF EDUCATION


**Аннотация:** Макалада мектеп жашындагы балдардын математикалык жөндөмү каралат. Айрым математикалык түшүнүктөрдүн жолдорун окутуу. Балдардын математика тармагына негизги тартуусу жана өнүгүүсү.

**Аннотация:** В статье рассматривается математические способности детей школьного возраста. Пути преподавания некоторых математических понятий. Склонность и развитие детей в области математики.

**Annotation:** In

the article the mathematical abilities of school-age children. Their research scientists and educators as they initiate. Tendency and development of children in the field of mathematics.



**Негизги сөздөр:** математикалык иш-аракет, актуалдаштыруу, жөндөмдүүлүгү, өнүгүү жөндөмдүүлүгү, эсептөө ыкмалары.

**Ключевые слова:** Математическая деятельность, актуализация, способность, развитие способности, приемы вычисления.

**Keywords:** Mathematical activity, ability, development ability, activity, personality.